5. Кожина, М. Н. Стилистика русского языка: учебник / М. Н. Кожина, Л. Р. Дускаева, В. А. Салимовский. — 4-е изд., стер. — Москва: ФЛИНТА: Наука, 2008. — 464 с.
6. Пантелеев, А. Ф. Современный русский язык: Лексикология. Фразеология: учебное пособие / А. Ф. Пантелеев, В. В. Богуславская, Н. А. Белик. — Москва: РИОР: ИНФРА-М, 2023. — 318 с. — DOI 10.29039/01912-2.
7. Никитина, Т. Г. Современная учебная фразеография: инновационные параметры бумажного словаря / Т. Г. Никитина, Е. И. Рогалёва // Вопросы лексикографии. — 2021. — № 20. — С. 67–90. — DOI 10.17223/22274200/20/4.
8. Султаналиева, А. С. Использование фразеологизмов в романе Чынгыза Айтматова «И дольше века длится день» / А. С. Султаналиева, Э. С. Искакова, Н. А. Эргешбаева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. — 2022. — № 4. — DOI 10.26104/NNTIK.2022.85.21.060.

УДК 37.04.81.2.39 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.573**

Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫ АРКЫЛУУ БОЛОЧОК БАШТАЛГЫЧ КЛАСС МУГАЛИМДЕРИН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАКТАН ДАЯРДОО

Матисманова Айжамал Усоновна
Ош мамлекеттик педагогикалык университети, Окутуучу,
azem.perish@gmail.com ORCID: 0009-0008-3840-1788,

ПОДГОТОВКА БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ В ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКОМ АСПЕКТЕ НА ОСНОВЕ ПРОИЗВЕДЕНИЙ Ч. АЙТМАТОВА

Матисманова Айжамал Усоновна

преподаватель Ошский государственный педагогический университет
azem.perish@gmail.com ORCID: 0009-0008-3840-1788

ETHNOPEDAGOGICAL TRAINING OF FUTURE PRIMARY SCHOOL TEACHERS BASED ON THE WORKS OF CH. AITMATOV

Aizhamal Usonovna Matismanova

Lecturer at Osh State Pedagogical University
azem.perish@gmail.com ORCID: 0009-0008-3840-1788

Аннотация

Макала Чынгыз Айтматовдун чыгармаларынын негизинде болочок башталгыч класс мугалимдерин этнопедагогикалык жактан даярдоонун мазмунун жана маанисин талдоого арналган. Изилдөөдө этнопедагогиканын теориялык негиздери, улуттук баалуулуктардын тарбиялык потенциалы жана аларды педагогикалык процессте колдонуу мүмкүнчүлүктөрү каралат. Изилдөөдөнүн максаты болуп Айтматовдун чыгармалары аркылуу болочок мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүгүн, руханий-адептик баалуулуктарын жана кесиптик даярдыгын өнүктүрүүгө багытталган методикалык негиздерди аныктоо эсептелет. Макалада адабий чыгармаларды талдоо, интеграцияланган окутуу ыкмалары жана тарбиялык иштердин формалары сунушталат. Ошондой эле улуттук маданиятты, каада-салттарды жана адамзаттык баалуулуктарды калыптандырууда Айтматовдун чыгармаларынын орду өзгөчө белгиленет.

Ачкыч сөздөр: *этнопедагогика, башталгыч класс мугалими, Чынгыз Айтматов, этномаданий компетенттүүлүк, улуттук баалуулуктар, тарбия, педагогикалык даярдык.*

Аннотация

Статья посвящена анализу содержания и значения этнопедагогической подготовки будущих учителей начальных классов на основе произведений Ч. Айтматова. В исследовании рассматриваются теоретические основы этнопедагогики, воспитательный потенциал национальных ценностей и возможности их применения в педагогическом процессе. Целью исследования является определение методических основ, направленных на развитие этнокультурной компетентности, духовно-нравственных ценностей и профессиональной подготовки будущих учителей через произведения Айтматова. В статье предлагаются анализ литературных произведений, интегрированные методы обучения и формы воспитательной работы. Также особо подчеркивается роль произведений Айтматова в формировании национальной культуры, традиций и общечеловеческих ценностей.

Ключевые слова: *этнопедагогика, учитель начальных классов, Чынгыз Айтматов, этнокультурная компетентность, национальные ценности, воспитание, педагогическая подготовка.*

Abstract

The article is devoted to the analysis of the content and significance of ethnopedagogical training of future primary school teachers based on the works of Chingiz Aitmatov. The study examines the theoretical foundations of ethnopedagogy, the educational potential of national values, and the possibilities of their application in the pedagogical process. The purpose of the research is to identify methodological foundations aimed at developing ethnocultural competence, spiritual and moral values, and professional training of future teachers through Aitmatov’s works. The article proposes the analysis of literary works, integrated teaching methods, and forms of educational activities. It also highlights the significant role of Aitmatov’s works in the formation of national culture, traditions, and universal human values.

Keywords: *ethnopedagogy, primary school teacher, Chingiz Aitmatov, ethnocultural competence, national values, education, pedagogical training.*

Киришүү

Азыркы учурда билим берүү системасында болочок мугалимдерди даярдоодо улуттук баалуулуктарга, маданий мураска жана этнопедагогикалык принциптерге негизделген окутуунун ролу өзгөчө мааниге ээ болууда. Глобалдашуу шартында жаш муундун улуттук өзгөчөлүгүн сактоо, руханий-адептик сапаттарын калыптандыруу жана этномаданий компетенттүүлүгүн өнүктүрүү негизги милдеттердин бири болуп саналат. Бул багытта кыргыз элинин улуу жазуучусу Чынгыз Айтматовдун чыгармалары зор тарбиялык жана педагогикалык потенциалга ээ.

Айтматовдун чыгармаларында адамгерчилик, адеп-ахлак, улуттук каада-салттар, жаратылышка болгон мамиле жана коомдук баалуулуктар терең чагылдырылган. Бул өзгөчөлүктөр болочок башталгыч класс мугалимдерин этнопедагогикалык жактан даярдоодо маанилүү ресурс болуп эсептелет. Анткени башталгыч билим берүү этабында окуучулардын дүйнө таанымы, баалуулук системасы жана инсандык сапаттары калыптанат [1, с. 15].
Ошондуктан болочок мугалимдерди даярдоодо Айтматовдун чыгармаларын педагогикалык процесске максаттуу түрдө киргизүү зарыл [2, с.775]. Бул ыкма студенттердин этномаданий компетенттүүлүгүн жогорулатууга, алардын кесиптик даярдыгын бекемдөөгө жана тарбиялык ишмердүүлүктө натыйжалуу иш алып баруусуна өбөлгө түзөт.

Макаланын максаты - Айтматовдун чыгармаларынын негизинде болочок башталгыч класс мугалимдерин этнопедагогикалык жактан даярдоонун мазмунун, өзгөчөлүктөрүн жана методикалык негиздерин аныктоо болуп саналат.

2. Изилдөөнүн методологиясы

Изилдөөдө болочок башталгыч класс мугалимдерин этнопедагогикалык жактан даярдоодо Чынгыз Айтматовдун чыгармаларын колдонуу маселесин иликтөөгө багытталган

комплекстүү илимий-теориялык жана практикалык ыкмалар колдонулду. Методологиялык негиз катары этнопедагогика, гуманисттик педагогика жана компетенттүүлүк мамилеси тууралуу илимий концепциялар каралды [3, с. 159]. Бул ыкмалар билим берүү процессинде улуттук баалуулуктарды, руханий-адептик тарбияны жана этномаданий өзгөчөлүктөрдү интеграциялоого мүмкүнчүлүк берет.

Изилдөөдө илимий-теориялык адабияттарды талдоо жана жалпылоо, салыштырма-педагогикалык анализ, байкоо жүргүзүү, педагогикалык тажрыйбаны үйрөнүү жана талдоо методдору колдонулду. Ошондой эле Ч. Айтматовдун чыгармаларын педагогикалык контекстте талдоо аркылуу алардын этномаданий жана тарбиялык потенциалы аныкталды. Макалада Ч. Айтматовдун **«Биринчи мугалим»** чыгармасына этнопедагогикалык анализ жүргүзүлдү (2-табл.). Бул чыгармалардагы улуттук дүйнө тааным, адамгерчилик идеялары жана моралдык баалуулуктар болочок мугалимдердин кесиптик жана руханий даярдыгын өнүктүрүүдө маанилүү булак катары каралды.

3. Жыйынтыктар жана талкуулоо

Изилдөөнүн натыйжасында болочок башталгыч класс мугалимдерин этнопедагогикалык багытта даярдоодо Чынгыз Айтматовдун чыгармаларын пайдалануу олуттуу педагогикалык натыйжаларды берери белгиленди. Айтматовдун чыгармаларындагы улуттук баалуулуктар, адамгерчилик идеялары жана руханий-адептик маселелер студенттердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандырууда маанилүү булак болуп эсептелет.

Талдоолор көрсөткөндөй, Ч. Айтматовдун чыгармаларын окуу жана педагогикалык жактан талдоо процессинде студенттердин улуттук маданиятка болгон кызыгуусу артат, руханий-адептик баалуулуктарга болгон мамилеси тереңдейт, педагогикалык кырдаалдарды талдоо көндүмү калыптанат жана чыгармачыл жана сынчыл ой жүгүртүүсү активдешет. Ч. Айтматовдун чыгармаларын колдонуу аркылуу **адабий талдоо, интеграцияланган окутуу ыкмалары жана тарбиялык иштердин формалары** 1-таблицада берилген.

*1- таблица. Ч. Айтматовдун чыгармаларын колдонуу аркылуу **адабий талдоо, интеграцияланган окутуу ыкмалары жана тарбиялык иштердин формалары.***

№	Багыт	Мазмуну	Колдонуу ыкмалары	Педагогикалык натыйжасы
	Адабий чыгармаларды талдоо	Айтматовдун чыгармаларындагы идеяларды, образдарды жана негизги темаларды анализдөө	тексттик анализ, салыштыруу, суроо-жооп, кластер түзүү	сынчыл ой жүгүртүү, окуяны түшүнүү, аналитикалык жөндөм
	Интеграцияланган окутуу ыкмалары	адабиятты тарых, музыка, этика, тил сабактары менен байланышта окутуу	интеграцияланган сабактар, долбоордук окутуу, ролдук оюндар, дебаттар	предметтер аралык байланыш, чыгармачылык, активдүү окутуу
	Тарбиялык иштердин формалары	улуттук жана руханий баалуулуктарды калыптандырууга багытталган иштер	класс сааттары, тарбиялык саат, викторина, сахналаштыруу, дискуссиялар	адеп-ахлак, патриотизм, этномаданий компетенттүүлүк

Талкуунун жыйынтыгында Ч. Айтматовдун чыгармаларынын тарбиялык мүмкүнчүлүгү универсалдуу мүнөзгө ээ экени, ал улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды гармониялуу айкалыштырары аныкталды. Бул өзгөчөлүк болочок

мугалимдердин кесиптик даярдыгында өзгөчө маанилүү, анткени башталгыч билим берүүдө инсандын негизги руханий жана баалуулук негиздери калыптанат.

Болочок башталгыч класстарда этнопедагогикалык тарбияны ишке ашыруу окуу-тарбия процессин улуттук баалуулуктар, элдик педагогика жана маданий мурас менен тыгыз байланышта жүргүзүүнү билдирет. Башталгыч мектеп курагы баланын инсан катары калыптанышынын эң маанилүү мезгили болгондуктан, бул этапта этнопедагогикалык тарбия өзгөчө ролду ойнойт. Окуучуларга элдик салт-санаа, үрп-адат, макал-лакаптар, жомоктор жана улуттук оюндар аркылуу тарбия берүү алардын руханий дүйнөсүн байытып, мекенге болгон сүйүүсүн калыптандырат.

Этнопедагогикалык тарбияны ишке ашырууда мугалим негизги уюштуруучу жана багыт берүүчү ролду аткарат. Ал сабак процессинде кыргыз элинин тарыхый жана маданий мурастарын колдонуп, окуучулардын улуттук өзүн-өзү таануусун өнүктүрөт [4, с.124]. Мисалы, адабий окуу, кыргыз тили жана тарбиялык сааттарда элдик чыгармаларды, макал-лакаптарды жана Ч. Айтматов сыяктуу жазуучулардын чыгармаларын колдонуу балдардын адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга өбөлгө түзөт.

*1- таблица. Чынгыз Айтматовдун **«Биринчи мугалим»** чыгармасына этнопедагогикалык анализ.*

№	Анализ багыты	Мазмуну	Этнопедагогикалык маңызы	Тарбиялык мааниси
	Чыгарманын идеясы	Жаңы коомдо билим берүүнүн башталышы, сабатсыздык менен күрөш	Билимдин коомдук баалуулук экенин көрсөтөт	Билимге урмат, окууга кызыгуу
	Башкы каарман (Дүйшөн)	Жөнөкөй, бирок кайраттуу биринчи мугалим	Элдик мугалим образы, эмгек аркылуу тарбиялоо	Жоопкерчилик, сабырдуулук
	Окуучулар образы	Билим алууга умтулган балдар	Баланы инсан катары кабыл алуу	Инсанга урмат, ишеним
	Улуттук салт-санаа	Эски көз караштар менен жаңы билимдин тиреши	Салт жана жаңычылдык диалогу	Ой жүгүртүүнү кеңейтүү
	Мугалимдин ролу	Коомду өзгөрткөн негизги күч	Мугалим этнопедагогикалык тарбиячы	Патриотизм, кесипке берилгендик
	Тарбиялык идеялар	Адамгерчилик, эмгек, билим	Улуттук жана гуманисттик баалуулуктар	Адеп-ахлак, руханий өнүгүү

Таблицада Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалим» чыгармасын **этнопедагогикалык көз караштан талдоого** арналган. Башкача айтканда, чыгармадагы тарбия, билим берүү, салт-санаа жана адамдык баалуулуктар кыргыз элинин педагогикалык тажрыйбасы менен байланышта каралган. «Биринчи мугалим» чыгармасы жөн гана окуя эмес, ал кыргыз элинин салттуу тарбиясы менен жаңы агартуу идеясынын айкалышы. Этнопедагогикалык жактан алганда, чыгарма жаш муунду эмгекке, билимге жана адамгерчиликке тарбиялайт.

Этнопедагогикалык ой жүгүртүүнүн өнүгүшү билимди жалпылоо, негизги маанилүү жактарын бөлүп көрсөтүү жана билим берүү мазмунуна элдердин этномаданий өзгөчөлүктөрүн чагылдырган конструктивдүү сунуштарды киргизүү жөндөмү менен байланыштуу. Мындай сапаттарга ээ болгон педагогдор улуттук баалуулуктарга негизделген татаал социалдык-педагогикалык маселелерди натыйжалуу чечүүгө жөндөмдүү болушат.

Этнопедагогикалык ишмердүүлүк студенттерди ар улут өкүлдөрүнүн ортосундагы позитивдүү өз ара аракеттенүүгө тартууну, ошондой эле көп маданияттуу билим берүү чөйрөсүндө ар түрдүү маданият өкүлдөрүнүн диалогуна негизделген таанып-билүү ишмердүүлүгүнө катыштырууну билдирет [5, с.141].

Корутунду

Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу болочок башталгыч класс мугалимдерин этнопедагогикалык жактан даярдоо улуттук тарбиялык баалуулуктарды заманбап педагогикалык билим берүү менен айкалыштыруунун маанилүү багыты болуп саналат. Айтматовдун чыгармаларында камтылган адамгерчилик, эмгекке урмат, мекенчилдик, мугалимдин коомдогу орду, балага болгон сый жана ишеним сыяктуу идеялар болочок мугалимдин кесиптик жана руханий калыптануусунда чоң роль ойнойт. Анын «Биринчи мугалим», «Жамийла», «Саманчынын жолу» сыяктуу чыгармалары мугалимдерди улуттук маданиятты, салт-санааны жана элдик тарбия ыкмаларын окуу-тарбия процессинде натыйжалуу колдонууга багыттайт. Бул чыгармалар аркылуу болочок мугалимдер баланын инсан катары баалуулугун түшүнүүгө, анын чыгармачылык жөндөмүн колдоого жана гуманисттик мамиле түзүүгө үйрөнүшөт.

Ошондой эле Айтматовдун чыгармачылыгы мугалимдерди тарбиялоодо этнопедагогикалык принциптерди улуттук баалуулуктарды сактоо, элдик тажрыйбаны колдонуу жана руханий-адептик тарбияны күчөтүү зарылдыгын баса белгилейт. Бул болсо башталгыч класстын мугалиминин кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Колдонулган адабияттар:

1. *Алиева Ф. Топонимия как предмет этнической памяти в творчестве Ч. Айтматова // Вопросы востоковедения. – 2024. – № 2. – С. 13–24.*
2. *Бокоева Ж. Т. Место национальной культуры в произведениях Ч. Айтматова (на примере повести «Лицом к лицу») // Бюллетень науки и практики. – 2022. – Т. 8, № 6. – С. 774–780.*
3. *Пайзыев Х. Концептуализация гуманистической педагогики в педагогической теории // Символ науки. – 2024. – № 3-2-1. – С. 158–160.*
4. *Сатыбалдиев М. М. Влияние элементов народной педагогики на воспитание подрастающего поколения кыргызстанцев // Вестник ПГГПУ. Серия № 3. Гуманитарные и общественные науки. – 2021. – № 2. – С. 122–126.*
5. *Танхасаева А. С. Формирование этнопедагогической культуры в профессиональной подготовке студента вуза // Вестник БГУ. – 2010. – № 1. – С. 139–142.*

УДК 821.161.1 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1%20(27).603**

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ УЛАМЫШТАР ЖАНА ТАРЫХЫЙ ФАКТЫЛАР

Мондошов Шамир Насирович - педагогика илимдеринин кандидаты,
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
mondoshov58 mail.ru ORCID: 0009-0008-6310-2801
Осмонов Самарбек Жумабекович - тарых илимдеринин кандидаты,
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
Osmonovs@bk.ru **ORCID: 0009-0005-9444-4669**

ЛЕГЕНДЫ И ИСТОРИЧЕСКИЕ ФАКТЫ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА.

Мондошов Ш. Н. - кандидат педагогических наук,
Ошский государственный педагогический университет